**Социалдык-гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын кезектеги жыйынынын №10 протоколунан**

**КӨЧҮРМӨ**

2025-жылдын 4-марты
Ош шаары, ЭМФ 2, 201-каана
Төрайым – каф.башчысынын м.а. Орунбаева Г.Ж.
Катчы – Исаева М.А.
Катышкандар: 17
Келбегени: -

**Күн тартибинде:**

2. 2025-2026-окуу жылы үчүн дарылоо иши адистиги (GM560001) боюнча кафедранын элективдүү дисциплиналар каталогун (КЭДди) талкуулоо жана сунуштоо.

**Угулду:**

Кафедра башчысынын м.а. доцент Г.Ж. Орунбаева күн тартибинде каралуучу маселе менен кафедранын окутуучуларын тааныштырып өттү жана элективдүү дисциплиналар каталогу боюнча окутуучулардын ой-пикирлерин билдирүүлөрүн сунуштады.

**Сөзгө чыкты:**

Улук окутуучу А.Маматова: – Медицина багытында окуган чет өлкөлүк студенттердин өндүрүштүк практикаларын Кыргызстанда өтөөсү жөнүндөгү буйруктун негизинде, биз **саламаттык сактоодо коммуникация көндүмдөрү** аталышындагы дисциплинаны сунуштайбыз. Аталган дисциплинанын пререквизити: кыргыз тили, ал эми постреквизити: өндүрүштүк практика болуп саналат. Бул дисциплинаны окутуунун максаты деп төмөнкүлөрдү белгилейбиз: өндүрүштүк практикада кесиптик кыргыз тилин өз кебинде пайдалануу, жергиликтүү бейтаптар менен кыргыз тилинде баарлашуу, мамлекеттик тил катары тил билүү көндүмдөрүнүн туруктуу өнүгүүсүнө жетиштирүү.

**Сөзгө чыкты:**

Улук окутуучу А.Кенжебайова – **Саламаттык сактоодо коммуникация көндүмдөрү** дисциплинасын КЭДге сунуштайбыз. Сунушталып жаткан дисциплинанын максаты кыргыз тилинен алган билимдерин өндүрүштө пайдалануу көндүмдөрүн калыптандыруу болуп саналат. Ошондой эле аталган дисциплина чет өлкөлүк студенттердин күнүмдүк жана кесиптик иш чөйрөлөрүндөгү социалдык-коммуникативдик маселелерин чечет деген пикирдебиз.

Жогоруда айтылгандарды эске алуу менен кафедранын отуруму төмөнкүдөй

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. 2025-2026-окуу жылы үчүн дарылоо иши адистиги (GM560001) боюнча кафедранын элективдүү дисциплиналар каталогу (КЭД) талкууланды деп эсептелсин.
2. 2025-2026-окуу жылы үчүн дарылоо иши адистиги (GM560001) боюнча кафедранын элективдүү дисциплиналар каталогуна **саламаттык сактоодо коммуникация көндүмдөрү** дисциплинасы сунушталсын.

Төрайым: Каф.башч., м.а. Орунбаева Г.Ж.

Катчы: Исаева М.А.

2025-жылдын 4-марты